*Калилова Ф.С.*

# КАДЫРОВ ТОКТОР – ТЫЛ АРДАГЕРИ

*Калилова Ф.С.*

# КАДЫРОВ ТОКТОР – ТРУЖЕНИК ТЫЛА

*F.S. Kalilova*

# KADYROV TOKTOR – HOME FRONT WORKER

*УДК: 940 (47) 084.8*

*Макала тылдын ардагери Кадыров Токтор атанын өмүр жолу баяндалат.*

***Негизги сөздөр**: адамзат, согуш, ардагер.*

*Статья посвящена жизни ветерана тыла Кадырова Toктора.*

***Ключевые слова:** человечество, война, ветеран.*

*This article is devoted to the life of a war veteran Toktor Kadyrov.*

***Key words:** humanity, a war, veteran.*

Адамзаттын жашоо турмушуна унутулгус кара так калтырган, азап-тозокту алып келген, миллиондордун өмүрүн кыйган, канчалаган адамдарды майып, кимдир бирөөлөрдү атасынан, баласынан, турмуш жолдошунан, досунан, агасынан, эже, карындаштарынан ажыраткан Улуу Ата Мекендик согуштун жеңиш менен аяктагандыгына мына быйыл туура 70 жыл болду.

Каргашалуу согуштун аяктаганына 70 жыл болсо дагы ошол мезгилдеги оор күндөрдүн эч ким эч качан унутпайт. Мына ушундай азаптуу күндөрдүн башынан кечирген тыл ветераны Кадыров Токтор атабыз өткөн күндөрүн көзүнө жаш алуу менен эскерет.

1941-жыл согуш башталганда мен 17-18 жашта элем. Согуштун алгачкы жылдарында талаа орук иштерине колхоздо тракторист болуп иштедим. 1942-жылы курбуларым менен катар аскер комиссариатына катардагы жоокер болуп чакырылгам. Бирок ар кандай апаатты жеңүү үчүн аскерлерибиздин курсагы ток, кийими бүтүн болуусу керек эмеспи. Мени да 59 тракторист курбуларым катары тылдык орук жумуштарына брондолгон тракторист болуп иштөө үчүн алып калышты. Курбу досторум, ага-инилерим согушка аттанып кетишти.

Айыл-чарба, завод фабрика, кары-жашы дебей баары фронт үчүн кызмат кыла баштады. Кан майданда түздөн-түз болбосо да тылдагы эмгекчилердин эрдиги алардан кем эместигин аксакалдын сөзүнөн байкап жаттык.

Ал колхоздогу жумушка жарамдуулардын баары жыйган эгинин, тапкан тамак ашын өздөрүнө жетпей жатса дагы майдандагы жоокерлерибизге жөнөтүп турганын айтып, жумуш убагынын чектелбегенин, күнү түнү тынымсыз эмгектенип, жарым кесе атала же жармага ээ болгонун да эскерип өттү. Канчалык кыйынчылык болбосун анын жакшы күнү боло турганын, айдын жарымы караңгы болсо да, жарымы жарык экенине, Советтик Армия сөзсүз жеңе турганына өтө чоң ишенич менен карашкандыгын, бул согушту күч бирдикте жеңгендигин баса белгиледи.

Согуш жылдары андан кийинки жылдар да жеңил болгон жок. Согуштан кийинки калыбына келтирүү жылдары да кужурмөн эмгегин таштабай жети жылдык кат сабаты болгон атабыз колхоздо бригадир, пахта бөлүмүнүн башчысы болуп күнүтүнү тыным албай чарбаны көтөрүү үчүн кужурмөн эмгегин аяган жок. Ошону менен бирге мезгил талабына жараша билимдүү адис керек экенин аңдап, Ош шаарындагы зооветеринариялык техникумуна тапшырып, окуу жайын ийгиликтүү аяктады. Андан соң өзү эмгектенген колхозго келип мал чарбасын көтөрүү максатында мал фермасына башчы болуп эмгек жолун улантты.

Биздин Долон чек аймагы Сарай Кутчу айылында 1920-жылдардын экинчи жарымында Ворошилов атында ТОЗу уюшулуп, 1930-жылдардын экинчи жарымында С.М. Киров атындагы колхоз түзүлгөн. 1932-жылдары Ош, Кара-Суу, Төлөйкөн, Араван биригип "Араван Буура" деген району түзүлүп, анын борбору Ош шаары болгон. 1936-жылы Кара-Суу өз алдынча район болуп түзүлгөн. Анын курамына Ысакеев (азыркы Э.Тельман), Эркин (кийин Жданов), Социализм (азыркы Коңурат), Киров колхозу, Коммунизм (азыркы Жылгелди), Большевик, Бирлешкен, Ленинчил жаш, Агартуу, Ленин, Фрунзе, Ынтымак, Кызыл Аскер, Акташ, Кызыл-Байрак, Кыргызстан, Кызыл-Шарк, Сталин, Мамажан, Маданият, Кызыл Сарай, Кең-Сай, Октябрь, Питомник колхоздору кирген. Кээ бир колхоздордун аттары өзгөргөн азыр жакшы эстей албай турам деп кошумчалады. 1940-жылдарга чейин чачыранды турмуш кечирген, үй-жайы жок үй бүлөөлөргө үй салуу үчүн 25 сотых жер тилкесин берип айылга топтоштургандардын эң башында турган негиздөөчүлөрдүн бири болгон. Ал мезгилде майда чарбалардын өнүгүүсү, техникалык камсыздоо, финансылык каржылоо татаал болгондуктан Киров колхозуна Киров, Тельман, Жданов (азыр Эркин) Коңгурат майда чарбалары ыктыярдуу түрдө бириккен. Азыркы Миялы айылы колхоздун жайлоосу болгон кийинчерээк эл отурукташып, айылга айланып, колхоздун курамына кошулган. 1951-жылы биринчи "Полуторка" жүк машинасы (Хамыт чечен акеге), 1954-жылы "УАЗ-66" вилис (Абжапаров Чүрөккө), 1955-жылы "ЗИМ" жеңил

машинасы алып келинген. 1954-60-жылдары биринчи жолу көп кабаттуу үйлөр, 1956-жылы Эркин айылына жайкы-кышкы маданий борбору, 1958-жылы ФАП жана башка имараттар, 1960-жылдары Киров колхозунан Кара-Суу шаарына 19 гектар жер берилип, райком, Ала-Тоо кино театры жана Ленин мектеби курулган. 1956-жылы 4 гектар аянтка Кара-Суу орууканасы, 1961-66- жылдары 13 гектар жерге гигант ун комбинаты салынган. 1954-жылы жалпы Кара-Суу районундагы карапайым калктын күчү менен, эч кандай техника колдонулбастан кол эмгеги астында таш төшөлүп Отуз-Адыр каналы курулуп, какыраган адыр жерлер суу чыгарылган. 1956-жылы эгин талаалары колхозчуларга бөлүнүп берилип, ал жерлерге коон, дарбыз, ар түрдүү мөмө дарактуу бактар эгилген. Талаа шыйпаңдары курулуп, элдер көчүп барып, түшүмдүүлүктү жогорулатуу максатында жаңы соколор, молотилкалар, тракторлор, айыл чарба шаймандары менен техникалар алынып келинген. Ошонун жардамы менен көптөгөн дың жерлер айдалып, айдоо аянттары кеңейип, түшүмдүүлүк жогорулап, колхоз тездик менен өнүгө баштайт. Калктын жашоо тиричилиги күндөн-күнгө жакшыра баштаган. Колхоздун экономикасы жогорулаган соң калктын муктаждыгына жараша түрдүү курулуш иштери жүргүзүлгөн. 1959-60-жылдары айылдарга электр зымдары тартылып жарык берилген. 1961-жыл суу түтүктөрү тартылса, 1965-жылы Киров колхозунун конторасы, чайханасы ишке түшүрүлгөн. Кайнаган эмгек өз нугунда улана берип, калктын турмушу жакшыргандан жакшырып, коом өнүгүп-өсүп жатты. СССРдин тарашы, Эгемендүүлүктүн Кыргызстанга келиши менен Киров колхозу 1996-жылы Сарай айыл өкмөтү болуп түзүлгөн.

Ушул аймактан согушка жалпысынан 500дөн ашуун кырчын курактагы жигиттерибиз согушка аттанып, алардын ичинен 213 жоокерибиз кан майдандан кайтпай калган. Дайынсыз жоголгондор да бар. Кайтып келгендери да түрдүү даражадагы майып, кээ бирлери гана куландан соо кайтышкан. Аксакалдын айтуусу жана архивдик маалыматтарга таянып төмөнкү маалыматты киргиздик:

**Согуштан кайтпагандардын тизмеси:**

| № | Фамилиясы, аты, жөнү |
|---|---|
| 1. | Анаров А |
| 2. | Арзиев О |
| 3. | Азимов Т |
| 4. | Азимов М |
| 5. | Асилов Т |
| 6. | Алкаев Ш |
| 7. | Ажиев К |
| 8. | Алиев М |
| 9. | Айдаров Ж |
| 10. | Айдаров М |
| 11. | Абдиллаев Т |
| 12. | Абдиллаев |
| 13. | Алимкулов И |
| 14. | Алдыраков Ш |
| 15. | Ажиматов И |
| 16. | Аликулов В |
| 17. | Абланкеев С |
| 18. | Асанбаев А |
| 19. | Айдаров У |
| 20. | Азимов Б |
| 21. | Абдумомунов У |
| 22. | Абдикеримов Т |
| 23. | Алимбетов М |
| 24. | Абдиваитов А |
| 25. | Абдыкалыков Э |
| 26. | Абдигапиров А |
| 27. | Алдыраков И |
| 28. | Аткулов Б |
| 29. | Айткулов Ж |
| 30. | Ажибаев П |
| 31. | Атабаев Т |
| 32. | Айдаров Э |
| 33. | Алибаев А |
| 34. | Алибаев Э |
| 35. | Акматов П |
| 36. | Акматов К |
| 37. | Болуев Б |
| 38. | Болуев Э |
| 39. | Бакыев Ж |
| 40. | Бекенов Ж |
| 41. | Бокоев Ж |
| 42. | Боронов О |
| 43. | Базаров М |
| 44. | Бекмуратов А |
| 45. | Бекмуратов И |
| 46. | Бекмурзаев М |
| 47. | Байгараев Б |
| 48. | Бекенбаев С |
| 49. | Базарбаев Ж |
| 50. | Бердибаев Н |
| 51. | Бердибаев М |
| 52. | Боронбаев А |
| 53. | Бегматов О |
| 54. | Баргибаев К |
| 55. | Бекташев О |
| 56. | Геркиев Б |
| 57. | Гардеев Т |
| 58. | Давранов К |
| 59. | Дубашев З |
| 60. | Жолчуев А |
| 61. | Жунусов Ч |
| 62. | Жалиев С |
| 63. | Жаныкулов Т |
| 64. | Жаманбалаев А |
| 65. | Жусубалиев А |
| 66. | Исмаилов К |
| 67. | Исмаилов Б |
| 68. | Иминов Э |
| 69. | Касымов Р |
| 70. | Касымов А |
| 71. | Касымов К |

| | |
|---|---|
| 72. | Анаров А |
| 73. | Арзиев О |
| 74. | Азимов Т |
| 75. | Азимов М |
| 76. | Асилов Т |
| 77. | Алкаев Ш |
| 78. | Ажиев К |
| 79. | Алиев М |
| 80. | Айдаров Ж |
| 81. | Айдаров М |
| 82. | Абдиллаев Т |
| 83. | Абдиллаев |
| 84. | Алимкулов И |
| 85. | Алдыраков Ш |
| 86. | Ажиматов И |
| 87. | Аликулов В |
| 88. | Абланкеев С |
| 89. | Асанбаев А |
| 90. | Айдаров У |
| 91. | Азимов Б |
| 92. | Абдумомунов У |
| 93. | Абдикеримов Т |
| 94. | Алимбетов М |
| 95. | Абдиваитов А |
| 96. | Абдыкалыков Э |
| 97. | Абдигапиров А |
| 98. | Алдыраков И |
| 99. | Аткулов Б |
| 100. | Айткулов Ж |
| 101. | Ажибаев П |
| 102. | Атабаев Т |
| 103. | Айдаров Э |
| 104. | Алибаев А |
| 105. | Алибаев Э |
| 106. | Акматов П |
| 107. | Акматов К |
| 108. | Болуев Б |
| 109. | Болуев Э |
| 110. | Бакыев Ж |
| 111. | Бекенов Ж |
| 112. | Бокоев Ж |
| 113. | Боронов О |
| 114. | Базаров М |
| 115. | Маматалиев А |
| 116. | Маткалиев Ж |
| 117. | Маматбеков К |
| 118. | Мундузбаев К |
| 119. | Мундузбаев А |
| 120. | Мааткеримов Ж |
| 121. | Мааткеримов Ч |
| 122. | Матназаров К |
| 123. | Макамбаев Ж |
| 124. | Мадымаров К |
| 125. | Максытов О |
| 126. | Максытов М |
| 127. | Маткаимов С |
| 128. | Мадрахимов С |
| 129. | Маматкулов К |
| 130. | Молдокеев Б |
| 131. | Матаев Э |
| 132. | Матаев Ш |
| 133. | Нышанов А |
| 134. | Нурматов А |
| 135. | Ниязов Т |
| 136. | Омошов С |
| 137. | Осмонов М |
| 138. | Осмонов С |
| 139. | Осмонов М |
| 140. | Осмонов Ж |
| 141. | Нурматбетов Б |
| 142. | Назарматов |
| 143. | Ормотоев З |
| 144. | Ормонов О |
| 145. | Полотов А |
| 146. | Парпиев А |
| 147. | Режапов Р |
| 148. | Режапов А |
| 149. | Раимов С |
| 150. | Раимов О |
| 151. | Ризаев М |
| 152. | Раманкулов К |
| 153. | Раманкулов М |
| 154. | Рахманов А |
| 155. | Самибаев М |
| 156. | Сатибаев Т |
| 157. | Сарыбаев С |
| 158. | Сарыбаев Р |
| 159. | Садыков Х |
| 160. | Сапаров А |
| 161. | Сапаров Э |
| 162. | Сатыбалдиев Т |
| 163. | Сарымсаков З |
| 164. | Сатимкулов К |
| 165. | Саипов |
| 166. | Саипов П |
| 167. | Садиров Д |
| 168. | Саипов А |
| 169. | Тавакалов Р |
| 170. | Тавакалов А |
| 171. | Торакулов Т |
| 172. | Топчубаев Н |
| 173. | Топчубаев С |
| 174. | Топчубаев Т |
| 175. | Ташматов Б |
| 176. | Ташматов Т |
| 177. | Ташматов Б |
| 178. | Таштанов Т |
| 179. | Таштанов А |
| 180. | Таштанов А |
| 181. | Турдубаев П |

| | |
|---|---|
| 182. | Толобаев К |
| 183. | Тжибаев Ж |
| 184. | Тажибаев М |
| 185. | Токторов М |
| 186. | Ташбаев А |
| 187. | Темиров Ж |
| 188. | Токторов Э |
| 189. | Толонов С |
| 190. | Тороев Т |
| 191. | Турдуматов М |
| 192. | Токторбаев К |
| 193. | Тургунбаев Н |
| 194. | Турдукулов С |
| 195. | Турдукулов А |
| 196. | Токтосунов Ж |
| 197. | Умурзаков А |
| 198. | Уркунбаев С |
| 199. | Урбаев А |
| 200. | Усонов К |
| 201. | Хажалиев М |
| 202. | Чолпонбаев М |
| 203. | Чодонов Э |
| 204. | Ысаков С |
| 205. | Ырыскулов Ш |
| 206. | Ысаков А |
| 207. | Эшбаев М |
| 208. | Эргашев М |
| 209. | Эсенкулов И |
| 210. | Омурзаков А |
| 211. | Омаров Ж |
| 212. | Якубов Х |
| 213. | Бадиров К |







70-жылдардын аягында Сарай айыл өкмөтүнөн согушка кеткен бирок кайтып келбеген жоокерлерге арнап эстелик тургузулган. Анда баардык эр жүрөк атуулдарыбыздын аты-жөнү жазылган. Бул эстеликти жыл бою айланасын тазалап, 9-майда гүл коюп эскерүү кечелерин, иш чараларын өткөрүп турушат.

Кан майданга алты саны аман кетип түрдүү даражадагы майып болуп келгендерден эсимде калгандары: Алмусаев Жусуп, Саипов Мойдун, Абдыкеримов Макканбай, Бороонов Мундуз, Оморов Мадан, Саипов Парпи, Абдраимов Абылкасым, Ысаков Полот, Токоев Латип, Темиров Зулпу, Сакиев Жума, Тойчиева Айылчы, Алайчы ава, Лапазбаев Мамат, Раимбердиев Максут, Жумабаев Андаш, Зулпуева Кулмурзаев Сатыбай жана башкалар. Учурда согуштан кайтып келгендердин арасынан азыркы мезгилде үч ардагерибиз бар экенин, убакыттын өтүшү менен алардын саны арабызда калбай баратканын өкүнүчтүү үн менен айтып, келечек муундар алардын эрдигин унутпай жүрсө болгону - деп улутунду.

Тельман айлынан Абдираимов Абылкасым абага учурап, аны менен да маектешүүбүздү сунуштады. Биз абаны видеого тартып дискке жаздырып алдык.

**Ардагерибиздин өмүр жолу**

Кадыров Токтор 1923-жылы 1-августта (кээ бир документтерде 1-мартта деп жазылып жүрөт) Киров айлындагы, ошол мезгилдеги Сарай-Кутчу айылында туулган. Болжол менен 1932-жылы 1-класска өзү жашаган С.М. Киров атындагы (азыркы А. Рахманалиев атындагы орто мектеби) 7 жылдык мектепке кирген. Абалга жараша 1936-жылы колхоздо иштей баштаган. 1937-жылы кат сабаты жоюлгандыгына байланыштуу эсеп алып баруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгондуктан колхозго пахта бригадасына табелчи болуп дайындалган. 1939-жылы трактористтин жардамчысы 1940-жылы өз алдынча трактор айдай баштаган.

Ал мезгилде атайын кесип алуу үчүн окуган эмес. 1941-жылы башталган Улуу Ата Мекендик согуш апаатына катардагы солдат катары аскер комиссариатына чакырылган.





**Сүрөттө:** Токтор ата.

1942-жылы 10-сентябрда Ош областынын Жалал-Абад аскердик комиссариатына запастагы (095/39551 коду) 2-категориядагы СА группасындагы катардагы аскер (рядовой) болуп катталат. Бирок колхоздо тракористтердин жетишпегендигине байланыштуу өзүнүн 59 курдаштары менен брондогу тракторист болуп, тылда иштөө үчүн калтырылган. 1945-жыл 9-май Улуу Ата Мекендик согуш жеңгенден кийин. Бүлүнгөн чарбаны калыбына келтирүү мезгилинде колхоздо пахта бригадада табелчи болуп өз эмгегин уланткан.

1949-жыл 6-декабрда Ош областынын Кара-Суу районунун Сарай селсоветинин аскер комиссариатына учетко алынат. 1953-жылы 90 күндүк кайра даярдоо окуу сборуна чакырылып, 01360 аскер бөлүгүндө «Радист пулеметчик боевых машин» атайын аскердик кызматтык квалификациясын алат. Ал эми аскердик билети 1963-жылы 13-июнда Ош областынын Кара-Суу районунун бириккен шаардык аскер комиссариаты тарабынан НТ №1619354 аскердик билети берилген. 1953-жылы 15-августта Кара-Суу районунун Сарай айылдык советинин №8 бөлүмдүн башчысы деген кызмат күбөлүк катын алат. 1956-жылы аскерге чакырылып, 1958-жылы «Радисты боевых машин» болуп кайтат. 1960-жылы (кээ бир иш кагаздарда 1958-жыл) КПССке мүчөлүккө өтөт, 1974-жылы 22-май №15892912 Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Ош областтык Кара-Суу райкомунун партиялык комитетинин секретары тарабынан партиялык билет берилет. Кесиптик билим алуу үчүн Ош шаарындагы айыл чарба техникумунун ветеринария бөлүмүнө тапшырып, ал жерден ветврач кесибине ээ болот. 1960-жылы профсоюзуна мүчө, бирок 1984-жыл 11-июлда №00701647 Киров атындагы колхозунун айыл-чарба кызматкерлеринин профсоюздук билетине ээ болгон. 1961-жылы завучка, 1963-жылы Мал товар фермасына башчы болуп дайындалат, ошол жылы кой чарбасындагы жетишкен ийгилиги, колхоздун өнүгүүсүнө кошкон зор салымы үчүн ВАЗ-21 "Волга" автомашинасы менен сыйланган. 1975-жыл 18-июнда №45 шайлоо округунан Кыргыз ССРинин эмгекчилер депутаттарынын Ош областынын Кара-Суу районунун Сарай селолук Советине депутат болуп шайланат жана күбөлүгү тапшырылат. Ошол эле жылы Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын баштапкы партиялык уюмунан Кара-Суу райондук XXII партиялык конференциясына делегаттык №319 мандатын Киров атындагы колхозунун мандаттык комиссиясы ыйгарат. Мына ушул өз кесибинде үзүрлүү эмгектенип, 1983-жыл 1-ноябрда «Пенсия, колхоз мүчөлөрүнө, пенсия жана пособия төлөө жөнүндөгү законунун жана колхозчуларга пенсия жана пособия чектөө жана төлөө жөнүндөгү жобонун 15-122-157 пунктунун негизинде карылыгы боюнча, 120 рубль өлчөмүндө пенсияга чыгарылган, ошондой эле 1983-жыл 26-декабрда №230600 пенсия күбөлүгү берилген. 1983-1986-жылга чейин мал товар фермасында фермер болуп иштеп турган. Улуу Ата Мекендик согуш жылдарындагы кужурмөн эмгеги жана тылдагы мыкты аскердик кызматы үчүн СССРдин орден жана медалдары, ардак громаталары менен сыйланган. Атуулдарга закондун чегинде жеңилдик укук берүү жөнүндөгү мыйзамынын негизинде, 1995-жыл 26-июнда №52 жеңилдик укуктук күбөлүгүн алган. Бул күбөлүк мурдагы бардык ССРдин аймагында жарамдуу деп эсептелген. 2001-жылы Ош областынын

Кара-Суу районунун Сарай айылдык кеңешинин жергиликтүү жамааттарынын өкүлчүлүгүнүн Курултайына делегат болуп шайланган. Бүгүнкү күндө ардактуу эс алууда.

Атабыз Кадыров Токтор 92 жашты байбичеси Кадырова Чолпонай, уулдары Кадыров Тавакал, Кадыров Сүйүнаалы, кыздары Токторова Жамила, Саламат, Салима, Кадырова Карыяхан, 30 небере, 35 чебере, 5 кыбыра көрүп, алардын гана эмес бүтүндөй айылдын сүйүктүү карысы болуп, жаштарга өз акылнасаатын берип, бактылуу өмүр сүрүүдө.




Токтор ата, байбичеси Чолпон эне, кыздары Жамиля, Саламат, Салима, Карыяхандар менен.

**Алган сыйлыктары**

1. 1946-жыл 11-сентябрь – указом президума верховного совета СССР от 6 июня 1945 года награжден медалью «За доблестный труд. В великой отечественной войне 1941-1945 гг.».




2. 1970-жыл 21-март – от имени Президиума Верховного Совета СССР награжден юбилейной медалью «За доблестный труд. В ознаменование 100-летия со дня рождения Владимира Ильича Ленина». Секретарь исполкома Карасуйского районого совета депутатов трудящихся.




3. 1971-жыл 8-апреля – 3 № 000249 медалью «За трудовую доблесть» Указом Президиума Верховного Совета СССР




4. 1973-жыл 12-октябрь – төш белгиси «Победитель Социалистического соревнования 1973 года». Постановление коллегии МСХ Кир ССР и президиума РК профсоюза рабочих и служащих с/х и заготовок.




5. 1976-жыл 15-апрель – төш белгиси «Победитель Социалистического соревнования 1975 года» Облсельхозуправления и обкома профсоюзов №8 от 20 января 1976 г.




6. 1976-жыл 6-июнда – решением аттестационной комиссии управление с/х во Карасуйского района на основании протокола № 1 от 6 июня 1976 года присвоено звание «Мастер животноводства первого класса»




7. 1984-жыл 26-апрель – «Ветеран труда» медаль. За долголетний добросовестный труд от имени Президиума Верховного Совета СССР решением исполкома Ошского областного Совета народных депутатов.




8. 1985-жыл 6-апрель- № 058841 юбилейдик медалы «50 лет победы в Великой Отечественной войне 1941-1945 гг.»




**Рецензент: кандидат исторических наук, доцент Акматова А.Т.**